**“Элдик Капитал”**
**Күрөөканасы Кошумча жоопкерчилиги бар**
**коомунун башкы директорунун буйругу менен**
**бекитилди**
**№ 11 30.12.2022ж**

# ЭЛЕКТРОНДУК ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮНҮН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН ОРТОСУНДА ТҮЗҮЛГӨН ЖӨНӨКӨЙ ЭЛЕКТРОНДУК КОЛТАМГАНЫ ПАЙДАЛАНУУ ТУУРАЛУУ МАКУЛДАШУУСУ

“Элдик Капитал” Күрөөканасы Кошумча жоопкерчилиги бар коому Электрондук өз ара аракеттенүүнүн катышуучуларынын ортосунда түзүлгөн жөнөкөй электрондук колтамганы пайдалануу тууралуу макулдашуусу (мындан ары “Макулдашуу”) менен толук түрдө таанышып чыгууңузду сунуштайт. Эгер сиз ушул Макулдашуунун кайсы бир бөлүмү менен макул эмес болсоңуз, анда “ Элдик Капитал ” Күрөөканасы КЖбК кызматтарынан, анын ичинен зайым келишимин түзүү кайрылууларынан дагы баш тарта берсеңиз болот. “ Элдик Капитал ” Күрөөканасы КЖбКнын кызматтарынын кайсы бир бөлүгүн колдонуу сиздин аталган Макулдашууга дагы макул экениңизди түшүндүрөт.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

Ушул Макулдашуу http://www.zamat.kg/ сайтынын колдонуучулары (мындан ары “Зайым алуучу”) менен “ Элдик Капитал ” Күрөөканасы КЖбКнын (мындан ары “Зайым берүүчү”) ортосунда жүргүзүлгөн документ алмашуу иш аракеттери учурунда колдонула турган жөнөкөй электрондук кол тамганы пайдалануунун эреже жана шарттарын аныктайт.

http://www.zamat.kg/ сайтында жайгаштырылган “Электрондук өз ара аракеттенүүнүн катышуучуларынын ортосунда түзүлгөн жөнөкөй электрондук колтамганы пайдалануу тууралуу макулдашуусунун шарттарын кабыл алуу” аттуу талааны белгилөө менен жана сайт аркылуу мындан аркы иш аракеттерди жүргүзүү менен колдонуучу (Арыз ээси/Зайым алуучу) ушул Макулдашуунун баардык бөлүмүндө көрсөтүлгөн шарттарды кабыл алган болот. Ал эми колдонуучу (Арыз ээси/Зайым алуучу) Макулдашууну кабыл албаганучурда http://www.zamat.kg/ сайтынын баардык кызматтарынан ошондой эле зайым келишиминтүзүү арызы менен кайрылуулардан дагы колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт.

## 2. ТЕРМИНДЕР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР

Бул Макулдашууда төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

**Зайым келишими** – зайым келишиминин эрежесине ылайык зайым берүүчү менен зайым алуучунун ортосунда түзүлгөн келишим. Мында, зайым берүүчүнүн офертасынын төлөм мөөнөтү, тездиги, кайтарымдуулугу боюнча зайым алуучунун акцепти менен ишке ашырылат.

**Зайым** – Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы менен зайым эрежесине ылайык зайым берүүчү тарабынан зайым алуучуга берилген акча каражаты.

**Зайым берүүчү** - “ Элдик Капитал ” Күрөөканасы Кошумча жоопкерчилиги бар коому (кыскартылган аты: “ Элдик Капитал ” Күрөөканасы КЖбК). Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч., 125/1. Катталган номери: 206746-3301-ОДО, ИСН: 00906202210235. Күрөөкана ишмердүүлүгүн жүргүзүү тууралуу уруксат документи 2023-жылдын 03-майда Кыргыз Республиксынын Экономика жана Коммерция Министрлигине караштуу каржы рыногун көзөмөлдөө жана жөнгө салуу мамлекеттик кызматы тарабынан №0052, “КИ” сериясы менен берилген. Зайым берүүчүнүн байланыш телефону: +996 (556,706, 776) 882222. Расмий сайты: http://www.zamat.kg/.

**Зайым алуучу** – зайым берүүчүгө карыз алуу максатында арыз менен кайрылган (Зайым келишиминин негизинде) физикалык тарап (Арыз ээси) же зайым берүүчү менен келишим түзүп карыз алган жак (Зайым алуучу).

**Зайым алуу арызы** - электрондук түрдөгү документ. Мында арыз ээси сайтта жайгаштырылган форманы зайым алуу максатында толтуруп, зайым берүүчүгө жөнөтөт. Бул арыз зайым алуу эрежесине жана карыздык каражат берүү келишимине ылайык түзүлөт.

**Каттоо номери** – зайым берүүчү тарабынан түзүлгөн процедуралардын негизинде кабыл алынып, зайым алуучунун жеке маалыматтарында жайгашкан зайым алучунун байланыш телефон номери.

**Катталган электрондук почта** – зайым берүүчү тарабынан түзүлгөн процедуралардын негизинде кабыл алынып, зайым алуучунун жеке малыматтарында жайгашкан зайым алуучунун электрондук почта дареги.

**Идентификатор** – колдонуучунун жеке кабинетине кирүүсүнө мүмкүндүк түзгөн логин жана сыр сөз же электрондук документтерди кол коюу жолу менен тастыктоо үчүн смс-код түрүндө Зайым алуучуга жөнөтүлгөн уникалдуу купуя символикалык код. Идентификатор автоматтык түрдө электрондук документке байланыштырылат; мында Кыргыз Республикасынын “Электрондук кол коюу жөнүндө” мыйзамына ылайык кагаз жүзүндөгү кол тамга менен аналогдук бирдей күчкө ээ болгон системадагы документтерге электрондук кол коюу процедурасы ишке ашырылат. Смс-код - Зайым алуучу/Арыз ээси сайтка алгачкы ирет катталып жаткан учурда же кагаз жүзүндөгү кол коюлган документ менен бирдей күчкө ээ болгон электрондук кол тамгалуу документке өз алдынча же болбосо кошумча аналогдук жашыруун код керек болгон учурда (логин, сыр сөздүн ордуна) колдонулат.

**Жеке кабинет** – Зайым алуучунун/Арыз ээсинин коомго ачык болбогон жана зайым келишимине ылайык түзүлгөн, кайрылуу жасай ала турган сайттагы жеке бөлүмү. Мында

Зайым алуучу/Арыз ээси юридикалык иш аракеттерден баштап, зайым алуу арызын толтуруу, зайым келишимине кол коюу, зайым төлөө, зайымдын мөөнөтүн узартуу, зайымдын суммасынын көлөмүн өзгөртүү жана зайым алуу тууралуу жалпы маалыматтар менен камсыз боло алат.

**Логин** – сыр сөз менен катар терилип, жеке кабинетине кирүүгө мүмкүндүк түзгөн Зайым алуучунун/арыз ээсинин сайттагы катталган номери же электрондук дареги түрүндөгү идентификация түрү.

**Оферта** – Эрежеге жана Зайым келишимине ылайык түзүлгөн зайым берүүчү тарабынан зайым алуучу тарапка карата жолдонгон зайым келишими боюнча сунуштук кайрылуу.

**Сыр сөз (пароль)** – зайым алуучу/арыз ээсинин сайтка катталуу учурунда түзүлгөн же зайым берүүчү тарабынан берилген, логин менен дал келген, жеке кабинетине кирүүгө мүмкүндүк түзгөн жашыруун сөз же белги.

**Эреже** – http://www.zamat.kg/ сайтында жайгашкан электрондук (онлайн түрдө) зайым кызматын көрсөтүү жана тейлөө эрежеси.

**Жөнөкөй электрондук кол тамга** – келишимдин талаптарынын жана Кыргыз Республикасынын “Электрондук кол коюу жөнүндө” мыйзамына ылайык түзүлгөн кагаз жүзүндөгү кол тамга менен бирдей укукка ээ болгон аналогдук кол тамга.

**Каттоо** – зайым берүүчүгө берилген маалыматтардын негизинде сайттагы/ зайым берүүчүнүн мобилдик тиркемесиндеги пайда болгон зайым алуучунун жеке кабинети жана профили.

**Сайт** – зайым берүүчүнүн уникалдуу http://www.zamat.kg/ URL-дареги түрүндөгү расмий интернет баракчасы.

**Сервис** – сайтка жайгаштырылган онлайн түрүндөгү кызмат көрсөтүү. Мында арыз ээси зайым арызы менен кайрыла алат, мындан тышкары зайым берүүчү менен жеке кабинети аркылуу байланыша алат.

**Макулдашуу** - электрондук өз ара аракеттенүүнүн катышуучуларынын ортосунда түзүлгөн жөнөкөй электрондук колтамганы пайдалануу тууралуу макулдашуусу.

**Идентификациялык каражат** – зайым алуучунун сервисти колдонуусу үчүн жана жеке кабинетине кирүүгө мүмкүндүк берген логин жана сыр сөз (пароль).

## 3. МАКУЛДАШУУНУН ПРЕДМЕТИ

3.1. Ушул Макулдашуу сайт аркылуу тараптардын ортосунда жүргүзүлгөн документ алмашуу иш аракеттери учурунда колдонула турган Зайым алучу/Арыз ээсинин жөнөкөй электрондук кол тамгасын пайдалануунун эреже жана шарттарын, Зайым келишимин өзгөртүү, толуктоо, тастыктоо иш аракеттерин аныктайт. Мындан тышкары ушул Макулдашуу сайт аркылуу жөнөтүлгөн, кабыл алынган жана түзүлгөн электрондук документтерге байланыштуу тараптардын укуктарын, милдеттерин белгилейт.

3.2. Тараптардын электрондук өз ара иш аракеттерин камсыздоо максатында зайым берүүчү Зайым алучу/Арыз ээсине электрондук кол тамганын ачкычын берет; берилген ачкычты каттоого алат жана жаңылайт, системанын иштөө функциясын колдоого алат, мындан тышкары ушул Макулдашууда каралган башка иш аракеттеди ишке ашырат .

**4. ЖӨНӨКӨЙ ЭЛЕКТРОНДУК КОЛ ТАМГАНЫ ПАЙДАЛАНУУ**

4.1. Тараптар Макулдашуунун 4.1. пунктунун талаптарына ылайык келген баардык документтер Зайым алуучунун кагаз жүзүндөгү кол тамгасы менен бирдей укукка ээ болгон электрондук кол тамгасы менен тастыкталаарына макулдашышат. Электрондук документ төмөнкү талаптарга жооп берген шарттарда Зайым алуучу/Арыз ээсинин электрондук кол тамгасы менен тастыкталган болуп саналат:

4.1.1. Электрондук документ сайттын сервиси аркылуу түзүлүп жөнөтүлгөн учурда;

4.1.2. Электрондук документтин текстти Зайым алуучу/Арыз ээсинин логин жана сыр сөзүнүн негизинде түзүлгөн генерацияланган системалык кодко байланышкан учурда же Зайым алуучу/Арыз ээси тарабынан сайттагы атайын талаачада терилген уникалдуу смс-код аркылуу ишке ашырылган учурда кабыл алынат.

4.2. Смс-код зайым берүүчү тарабынан зайым алуучунун уюлдук телефонуна смс кат аркылуу жөнөтүлгөн тиешелүү жашыруун код. Бул код Зайым алуучу/Арыз ээсинин сайтта катталган номерине жөнөтүлөт жана Зайым алуучу/Арыз ээсине жеке жана купуя түрдө жеткирилген болуп эсептелет.

4.3. Смс-код сайттын сервиси аркылуу жөнөтүлгөн электрондук документке кол коюу үчүн бир жолку түрдө колдонулуусу мүмкүн. Смс-код жеке кабинет аркылуу же жеке кабинеттен тышкары Зайым берүүчүгө карата жолдонгон Зайым алуучу/Арыз ээсинин электрондук сурамы кабыл алынган соң жөнөтүлөт. Электрондук документ үчүн же башка иш аракеттер үчүн 24 саат ичинде колдонулбаган смс-код жарксыз болуп эсептелет. Кызматардан колдонуу үчүн кайрадан жаңы сурам жөнөтүү зарыл.

4.4. Тараптар, Зайым алуучу/Арыз ээсинин жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен тастыкталган кандай гана маалымат болбосун ал электрондук документ болуп эсептелет; Зайым алуучу/Арыз ээсинин кагаз жүзүндөгү кол тамгасы менен бирдей укукка ээ; кагаз жүзүндөгү кол тамгасы менен тастыкталган документердин юридикалык жана башка укуктук

ченмдик шарттары менен электрондук кол тамга менен тастыкталган электрондук документтер бирдей укукка ээ; Макулдашуунун 4.1. пунктунун талаптарына ылайык келген баардык документтер Зайым алуучунун кагаз жүзүндөгү кол тамгасы менен бирдей укукка ээ болгон электрондук кол тамгасы менен тастыкталаарына макулдашышат.

4.5. Жөнөкөй электрондук кол тамга менен бир же бир эле учурда бир нече электрондук документ тастыкталуусу мүмкүн.

**5. ЖӨНӨКӨЙ ЭЛЕКТРОНДУК КОЛ ТАМГАНЫ ТЕКШЕРҮҮ ТАРТИБИ**

5.1. Зайым алуучунун/Арыз ээсинин жөнөкөй электрондук кол тамгасы төмөнкү маалыматтарга ылайык текшерилет:

> 5.1.1. Зайым алуучунун/Арыз ээсинин жеке кабинети/сервисте колдонгон логин жана сыр сөзүнүн дал келип келбегендиги аркылуу;
>
> 5.1.2. Электрондук документтин текстине байланышкан идентификатор жана электрондук документке кол коюу үчүн колдонулган смс-код аркылуу;
>
> 5.1.3. Системада сакталган Зайым алуучуга/Арыз ээсине смс-коддун жөнөтүлгөндүгү тууралуу маалымат аркылуу;
>
> 5.1.4. Автоматтык түрдө катталып туруучу сайт/сервистин электрондук журналындагы Зайым алуучунун/Арыз ээсинин активдүүлүгү боюнча техникалык маалыматтар аркылуу текшерилет.

5.2. Сервисти колдонуу учурунда тараптардын жүргүзгөн юридикалык мааниге ээ иш аракеттери тууралуу маалыматтарды сактоо максатында Зайым берүүчү жөнөтүлгөн, алынган, берилген электрондук маалыматтардын топтомун сактоого алат. Мындан тышкары Зайым алуучу/Арыз ээсинин активдүүлүгүн тастыктоонун автоматтык системасы тараптарга кайсы Зайым алуучу/Арыз ээси кайсы учурда кандай иш аракеттер жасалгандыгын көрсөтүп берет.

5.3. Тараптар Макулдашуунун 5.1. пунктунда көрсөтүлгөн Зайым алуучу/Арыз ээсинин жөнөкөй электрондук кол тамгасынын аныктыгын текшерүү ыкмасы Зайым алуучунун өздүктүгүн тактоого жана ушул Макулдашуунун ишке ашырылуусу үчүн жетиштүү деп эсептешет.

**6. КУПУЯЛУУЛУК**

6.1. Зайым алуучу/Арыз ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:

> 6.1.1. Жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу үчүн Зайым алуучуга/Арыз ээсине жөнөтүлгөн логин, сыр сөз жана смс-код тууралуу үчүнчү жактарга маалымдабоого;

6.1.2. Сайтка катталган номерди алып жүрүүчү SIM-картаны же SIM-карта салынган уюлдук телефонду жеке көзөмөлсүз үчүнчү жактарга бербөөгө; мындан тышкары керектүү болгон баардык шарттарды камсыздоого;

6.1.3. Катталган электрондук даректи жана купуялуулук өзгөчөлүктөрүн алып жүрүүчү маалыматтарды үчүнчү жактарга билдирбөөгө;

6.1.4. Эгер ушул Макулдашуунун 6.1.1. жана 6.1.3. пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугу бузулган учурда же 6.1.2. пунктунда көрсөтүлгөн Зайым алуучу/Арыз ээси SIM-картасын көзөмөлгө ала албай калган учурда Зайым алуучу/Арыз ээси Зайым берүүчүгө билдирүүсү зарыл.

6.2. Ушул Макулдашуунун 6.1.4. пунктунда көрсөтүлгөн билдирүү Зайым берүүчүгө катталган электрондук дарек же жеке кабинет аркылуу жөнөтүлөт (Зайым алуучунун/Арыз ээсинин сканерленген паспорт же өздүктүгүн тастыктаган документтери менен тиркелип жөнөтүүсү керек) же сайтта көрсөтүлгөн уюлдук телефон байланышуу аркылуу билдире алат.

6.3. Зайым алуучу/Арыз ээси 6.1.1.- 6.1.4. пунктунда көрсөтүлгөн милдеттерди так аткарбагандан улам пайда болгон жагымсыз иш аракеттердин жана үчүнчү жактын зыян келтирген аракеттеринин жоопкерчилигин өзү алат.

**7. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ**

7.1. Тараптар ушул Макулдашууда каралган милдеттерин так же талапка ылайык аткарбаган учурда келтирилген зыянды экинчи тарапка төлөп берүү жоопкерчилигин алат.

7.2. Эгер тараптардын биринин милдеттери атайын бузулбагандыгы аныкталбаса ушул Макулдашууда каралган милдеттерин так же талапка ылайык түрдө аткарбагандыгынын жоопкерчилигин алат. Бул эреже Макулдашуунун 6.2. пунктунда көрсөтүлгөн шарттарга тиешелүү эмес.

7.3. Тиешелүү бузуулар экинчи тараптын милдеттеринин так аткарылбагандыгы менен шартталса же табигый кырсыктардан улам келип чыкса тараптар милдеттеринин так же талаптагыдай түрдө аткарылбагандыгына байланыштуу жоопкерчилик алат.

**8. МАКУЛДАШУУГА КОШУЛУУ**

8.1. Ушул Макулдашуунун акцепти Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 3-бөлүмүнүн 2-беренесине (оферта алган жак тарабынан макулдашууда көсөтүлгөн шарттар боюнча белгиленген мөөнөттө акцепт иш аракетин жүзөгө ашыруу) ылайык ишке ашырылат, тагыраак айтканда ушул Макулдашуунун 8.2. пунктунда көрсөтүлгөн эреженин негизинде жүргүзүлөт.

8.2. “Электрондук өз ара аракеттенүүнүн катышуучуларынын ортосунда түзүлгөн жөнөкөй электрондук колтамганы пайдалануу тууралуу макулдашуусунун шарттарын кабыл алуу”аттуу талааны белгилөө менен жана сайт аркылуу мындан аркы иш аракеттерди жүргүзүү менен колдонуучу (Арыз ээси/Зайым алуучу) ушул Макулдашуунун баардык бөлүмүндө көрсөтүлгөн шарттарга кошулган болот. Арыз ээси/Зайым алуучу Макулдашуунун кайсы бир бөлүгүн эмес толугу менен гана кабыл алат.

8.3. Зайым берүүчү Макулдашуунун өз алдынча өзгөртүү (толуктоо) укугуна ээ. Макулдашуунун редакцияланган жаңы варианты Арыз ээсине/ Зайым алуучуга сайт аркылуу жарыяланып билдирилет. Макулдашуунун оңдоп-түзөлгөн же толукталган жаңы версиясы күчүнө киргенге чейин сайттын колдонуучуларына (Арыз ээси/ Зайым алуучу) тиешелүү болбойт. Эгер Макулдашуунун ондоп-түзөлгөн же толукталган версиясы күчүнө кирген мөөнөттөн тартып Арыз ээси/ Зайым алуучу зайым келишимин түзүп зайым алуу арызы менен кйрылган болсо аталган Макулдашууну Арыз ээси/ Зайым алуучу кабыл алган болуп саналат. Арыз ээсинин/Зайым Алуучунун мындай иш аракеттери Зайым берүүчү Макулдашуунун оңдоп-түзөлгөн жаңы версиясына макулдук катары эсептейт.

## 9. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

9.1. Ушул Макулдашуу мөөнөтсүз болуп эсепелип, Арыз ээсинин/ Зайым алуучунун сайтты/сервисти колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин жарактуу болуп саналат.

9.2. Макулдашуунун жаңы редакциясы бекитилип, сайтка жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет жана Арыз ээсинин/ Зайым алуучунун ошол күндөн баштап жасаган баардык иш аракеттерине тиешелүү болот.

9.3. Ушул Макулдашуунун жарактуу мөөнөтү соңуна чыккандан тартып Арыз ээси/ Зайым алуучу сайтты/сервисти колдонуу , зайым арызы менен кайрылуу жана зайым келишимн түзүү укугунан ажырайт. Мындан ары белгилүү бир максатта сайтты колдонуу үчүн Арыз ээси/ Зайым алуучу Макулдашуунун жаңы түзүлгөн шарттарын кабыл алуусу/кошулуусу зарыл.

9.4. Тараптар, кызматташуу мамилесин бири-бирине болгон ишеним жана купуялуулук принциптеринин негизинде түзөт. Ошондой эле келишимге байланыштуу пайда болгон пикир келишпестиктерди достук мамиледе чечип алууга аракеттенет. Эгер түшүнбөстүктөр сүйлөшүү жолу менен чечилбеген болсо тараптардын бири ушул келишимдин 7.5. пунктунда көрсөтүлгөндөй чара көрө алат.

9.5. Тараптар ушул келишимдин негизинде пайда болгон келишимди бузуу, талаптарды аткарбоо, жокко чыгаруу жана кандай гана пикир келишпестиктер болбосун зайым берүүчү жайгашкан тиешелүү сот оргaндарына кайрылууга укугун кабыл алышат. Баардык билдирүүлөр зайым алуучу көрсөткөн оферта жана келишимдеги дарегине (уюлдук телефон номерине смс билдирүү аркылуу, электрондук почтасына же WhatsApp, Viber, Telegram ж.б.

мессенджерлер аркылуу) жөнөтүлөт жана жолдонгон билдирүүлөр кабыл алынды деп эсептелет. Карыздык төлөм толук аяктаганга чейин зайым алуучу жогорудагы даректерин жеке кабинети аркылуу текшерип туруусу зарыл.

9.6. Тараптардын ушул келишимде белгиленбеген айрым милдеттери, укуктары жана шарттарэлектрондук (онлайн түрдө) зайым берүү кызматын көрсөтүү жана тейлөө Эрежесине жана Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жөнгө салынат.